
# Саймалуу-Таш



Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Саймалуу-Таш

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Саймалуу-Таш" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тогуз-Торо тарапта,
Ашуусунда Көгарттын,
Туристтерге бараткан,
Сыймыктана көз арттым!

Алар барат кызыгып,
Тарыхына кыргыздын.
Саймалуу-Таш дегендин,
Билүү үчүн чындыгын.

Кыргыз жери керемет,
Тарыхы бар дүйнөлүк.
Саймалуу-Таш кезигет,
Кээ жеринде дүйнөнүн.

Авто жеткис тоолорго,
Аттар менен жетишет.
Илимпоздор болжолдоп,
Таштын сырын чечишет.

Карта сындуу чийимдер,
Күн сыяктуу баштар бар,
Дене бою ийилген,
Бийчи бийлейт таштарда.






Таш эстелик сакталган,
Гунндар менен Сактардан.
Көчмөн элдин тарыхы,
Балдар, чындык кашкайган.

Аска ташта сүрөттөр,
Башка жерде дагы бар.
Кызыксаңар илимге,
Далай кызык табылар.

Саймалуу-Таш билсеңер,
Бабалардын издери.
Ташка тартып жашоосун,
Кеткен экен илгери.

Он миң жыл өттү арасы,
Өзгөрдү адам баласы.
Өзгөрбөй турат таштарда,
Сүрөттөр түркүн, карачы!





Он миңге жакын сүрөттү,
Жан киргизип сүйлөттү.
Аркар, кулжа анда бар,
Аюу, илбирс, сүлөөсүн.

Мындай түрдүү сүрөттү,
Кантип тартты сүрөтчү?
Петроглиф деп аташат,
Ташка чексе сүрөттү.

Атчан киши баратат,
Периштелер канатчан.
Жаа тарткан мергенчи,
Жүрөт аска тарапта!





Балдар, балким бул таштар,
Бийик аска болгондур.
Аскаларга аталар,
Сүрөт чийип ойгондур.

Кылым өтүп арадан,
Кулагандыр аскалар.
Байыркылар өнөрдү,
Табияттан баштаган.

Бедиз бекем чийилген,
Өчүрө албайт кар-бороон.
Изилденип илимде,
Алган корук, кароого.

Турат тоодо кыш, карда,
Эчен жамгыр, суу акты.
Ачык асман астында,
Галерея сыяктуу.

Саймалуу-Таш таштарын,
Түбөлүккө сактайлы.
Бул тарыхый мурасты,
Бапестейли, барктайлы.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |